Тиркеме

Кербен шаардык кеңешинин 2026-жылдын 25-майындагы кезектеги он бешинчи сессиясынын №15/5 токтому менен бекитилген

# Көмүү жайын брондоо жөнүндө келишим

## Келишимдин тараптары

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (же маркумду узатуу ишинин маселелери боюнча адистештирилген кызмат )

____________________________________мындан ары "Аткаруучу" деп аталуучу,
___________________________________________ атынан

______________________________ негизинде иш алып баруучу бир тараптан, мындан ары "Заказчы" деп аталуучу, паспорту: сериясы___ № ________, датасы ___________ _____________тарабынан берилген, ____________________________ дареги боюнча жашаган жаран ______________________________экинчи тараптан, мындан ары бирге "Тараптар" деп аталып төмөнкү келишимди түздү.

## Келишимдин предмети

Аткаруучу Заказчынын каза болгон жубайынын (аты-жөнү) ________________________________________ сөөгү көмүлгөн жайдын жанына кийин Заказчыны көмүү максатында ___________________________________ дареги боюнча жайгашкан ___________________________ көрүстөндүн аймагындагы жердин бош жайды брондоого милдеттенет, ал эми Заказчы брондоо үчүн акы төлөөгө жана ушул келишимдин шарттарын сактоого милдеттенет.

## Брондоо шарттары

3.1. Брондоо төмөнкүлөрдүн негизинде жүргүзүлөт:
Электрондук кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу берилген санарип форматтагы жубайынын өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же өлгөндүгүн каттоо тууралуу актыны жазуудан көчүрмө же болбосо саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген өлгөндүгү тууралуу белгиленген үлгүдөгү маалымкат; туугандыгын ырастаган документ (нике күбөлүгү же башка); – заказчынын паспорту.

3.2. Жай 10 жылдык мөөнөткө брондолот.

3.3. Заказчыга бул жайга болгон укукту ээликтен ажыратууга, үчүнчү жактарга сатууга, берүүгө же өткөрүп берүүгө тыюу салынат.

3.4. Заказчы брондолгон жайды пайдалануудан баш тарткан учурда төлөнгөн каражаттар кайтарылбайт.

## Төлөө тартиби

4.1. Брондоо боюнча кызмат көрсөтүүнүн баасы ________ сомду түзөт.
4.2. Акы төлөө акча каражаттарын бир жолу төлөө менен жүргүзүлөт.
4.3. Аткаруучунун эсебине каражаттар келип түшкөн дата акы төлөнгөн учур деп эсептелет.

## Тараптардын укуктары жана милдеттери

5.1. Заказчы төмөнкүлөргө милдеттенет:

– зарыл болгон документтерди берүүгө; – толук көлөмдө акы төлөөгө;

– көрүстөндүн эрежелерин сактоого.

5.2. Аткаруучу төмөнкүлөргө милдеттенет:

– акы төлөнгөн учурдан тартып ____ жумуш күндөн кеч эмес мөөнөттө брондоого; – заказчыга ырастоочу документти берүүгө.

## Тараптардын жоопкерчилиги

Ушул келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн Тараптар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## Келишимди колдонуу мөөнөтү

Ушул келишим кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана _____________ чейин колдонулат.

## Келишимди токтотуу

8.1. Ушул келишим төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

— тараптардын макулдашуусу боюнча;

— заказчынын демилгеси боюнча – бузуу болжолдонгон датага чейин _____ календардык күндөн кем эмес убакытта Аткаруучуга кабарлоо менен. Ошол эле учурда төлөнгөн каражаттар кайтарылбайт;

— аткаруучунун демилгеси боюнча – Заказчы тарабынан берилген жасалма же анык эмес документтер аныкталган же алар ушул келишимдин шарттарын бузган учурда;

— келишимди колдонуу мөөнөтү аяктаса, эгерде ал узартылбаса;

— заказчы каза болгон жана сөөгү кийин башка жайга көмүлгөн учурда;

–тараптардан көз каранды болбогон себептер боюнча келишимди аткаруу мүмкүн болбогон учурда (форс-мажор, көрүстөндү жоюу, мыйзамдарды өзгөртүү ж.б.).

8.2. Келишим Заказчы тараптан бузууларга байланыштуу эмес, Аткаруучунун демилгеси боюнча токтотулган учурда төлөнгөн акча каражаттары толук көлөмдө кайтарылууга тийиш.

## Башка шарттар

9. Ушул келишим боюнча келип чыккан бардык талаш-тартыштар мыйзамдарда белгиленген тартипте чечилүүгө тийиш.

9.2. Ушул келишим эки нускада түзүлдү, алар бирдей юридикалык күчкө ээ жана ар бир Тарап үчүн бирден берилет.

## Тараптардын реквизиттери

**Аткаруучу:**

Аталышы:________________________

Дареги: _________________________

_____________________

Тел.: ___________________________

Өкүлү: __________________________

Колу: ______________ /М.О./

**Заказчы:**

Аты-жөнү:______________________

Дареги: ________________________ ИСН/ОКПО:

Паспорту: ______________________

Тел.: ___________________________

Колу: __________________________

**Кербен шаардык**
**кеңешинин жоопту катчысы:** ______________ **Ж.Омуралиев**